КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
АРСТАНБАП-АТА АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АРСТАНБАП-АТИНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Арстанбап-Ата айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезектеги XIV сессиясынын**

# ТОКТОМУ

**№12**

18-август 2026-жыл — Ооган-Талаа айылы.

**Арстанбап-Ата айыл аймагындагы жер тилкелеринин багытын өзгөртүү жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын Жер кодексин жана колдонуудагы мыйзам актыларын жетекчиликке алып, Арстанбап-Ата айылдык кеңешинин жер маселелери, токой чарба, айыл чарба жана экология, архитектура жана курулуш маселелери боюнча туруктуу комиссиянын корутундусун угуп жана талкуулап, Арстанбап-Ата айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Арстанбап-Ата айыл аймагынын Гумкана айылына жайгашкан жеке ишкер Мамбеткулова Чыныгул Бусурманкуловнанын ээлеп турган 0,40 сотых жер тилкесинин максаттык багытын өзгөртүп берүү тууралуу арызы канаттандырылсын.

2.Гумкана айылында Мамбеткулова Чыныгул Бусурманкуловнага таандык турак жай багытындагы жер тилкесинин багытын коммерциялык багытка өзгөртүүгө макулдук берилсин.

3. Ушул токтомдун аткарылышы Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Арстанбап-Ата айылдык кеңешинин жер маселелери, токой чарба, айыл чарба жана экология, архитектура жана курулуш маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага — Ж.Абдухалилов